Кытай Эл Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын ортосундагы үч мамлекеттин мамлекеттик чек араларынын тогошуу чекити жөнүндө

# МАКУЛДАШУУ

Мындан ары Макулдашуучу Тараптар деп аталуучу Кытай Эл Республикасы, Кыргыз Республикасы жана Казакстан Республикасы,

үч мамлекеттин мамлекеттик чек араларынын тогошуу чекитин тактоо жана аныктоо максатында,

1996 жылдын 4 июлундагы Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы кытай - кыргыз мамлекеттик чек арасы жөнүндө Макулдашуусунун 6 статьясына жана 1994 жылдын 26 апрелиндеги Кытай Эл Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортосундагы кытай - казакстан мамлекеттик чек арасы жөнүндө Макулдашуусунун 6 статьясына ылайык,

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

## 1 статья

Мындан ары үч мамлекеттин мамлекеттик чек арарларынын тогошуу чекити деп аталуучу, Кытай Эл Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын мамлекеттик чек араларынын тогошуу чекити белгиси 6995 болгон Хан - Теңир чокусунда жайгашкан.

Аталган тогошуу чекити Кытайдын аймагында орун алган белгиси 5292 болгон бийиктиктен түндүк - түндүк - батышка карай 3387 метр аралыкта, Кыргызстандын аймагында орун алган белгиси 6411 болгон бийиктиктен чыгыш - түндүк - чыгышка карай 3428 метр аралыкта жана Казакстандын аймагында орун алган белгиси 4672 болгон бийиктиктен түштүктү карай 5592 метр аралыкта жайгашкан.

Үч мамлекеттин мамлекеттик чек араларынын тогошуу чекити төмөнкүдөй координаттарга ээ: географиялык координаттары - B = 42° 12′ 36,4″ түндүк кеңдикте, L = 80° 10′ 31,1″ чыгыш узундукта; тик бурчтуу координаттары - X = 4675395, Y = 14431875.

Тогошуу чекитинин жайгашкан орду 1 : 50000 масштабда биргелешип түзүлгөн, ушул Макулдашууга тиркелген жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналган картада кызыл тегеректе түрүндө көрсөтүлдү.

Ушул статьяда келтирилген аралыктар менен бийиктиктердин белгилери, ошондой эле үч мамлекеттин мамлекеттик чек араларынын тогошуу чекитинин географиялык жана тик бурчтуу координаттары аталган карта боюнча аныкталды.

Координаттар жана бийиктиктердин белгилери 1942 жылдагы координаттар системасынын жана бийиктиктердин Балтикалык системасынын негизинде аныкталды.

## 2 статья

Макулдашуучу Тараптар үч мамлекеттин мамлекеттик чек араларынын тогошуу чекитинин жер бетиндеги ордуна белги койбоо жөнүндө макулдашышты.

## 3 статья

Ушул Макулдашуу, анын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекет ичиндеги процедуралардын аткарылып бүткөнү жөнүндөгү Макулдашуучу Тараптардын жазуу жүзүндө билдирүүсүнүн акыркысы жөнөтүлгөн датадан тартып күчүнө кирет.

______________шаарында _______ жылдын ____________________ ар бири кытай, кыргыз, казак жана орус тилдеринде болгон үч нускада түзүлдү.

Макулдашууну чечмелөөдө ар башкача түшүнүүлөр пайда болгон учурда Макулдашуучу Тараптар кытай жана орус тилдериндеги тексттерге таянышат.

КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫ ҮЧҮН

江泽民

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ҮЧҮН

КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ ҮЧҮН